

Деловые бумаги
Туу


Camera 07



48

Базар –Коргон райондук билим берүү бөлүмү.
Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим
берүүчү орто мектебинин "кыргыз тил"
кабинетинин

# П А С П О Р Т У .

Мектеп директору: ________ Т.Рахманова
"14" 09 ________ -жыл

1. **КАБИНЕТТИН ЖАБДЫЛЫШЫ**
   Мугалимдин иш ордунун
   жасалышы:________________________
   Окуучунун техникалык каражаттары: Скиелы
   ндупибун

   Турактуу жана мезгилдүү жабдуулар.

2. **КАБИНЕТТИН УСУЛДУК ЖАКТАН ЖАБДЫЛЫШЫ.**
   Көрсөтмө куралдар: 18
   Дидактикалык материалдар: 14
   Олимпиадага даярдоо,экзамендик,тесттик жана текшерүү иштерин уюштуруу
   боюнча материалдар 2

3. КАБИНЕТТИН КИТЕП КАНАСЫНЫН КАТАЛОГУ:
   Окуу китептери: методикалык китептер

4. КАБИНЕТТИН ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУГУ: бар

5. КАБИНЕТТИН ЖАСАЛГАЛАНЫШЫ: жакшы

Кабинет башчысы: ________ Амангелди кызы Айпери

**Каананын паспортунун материалдары:**

- **КААНАНЫН ЭРЕЖЕСИ**
- **ОКУУ КААНАЛАРЫ**

1. Окуу кааналыран коюлган талаптар
2. Окуу кааналарын окуу-усулдук жагынан камсыздоого байланыштуу коюлган талаптар
3. Окуу кааналарынын негизинде окуучулардын окуу программаларын аткарууга аракет жасоо
4. Окуу каанасына коюлган санитардык-гигиеналык талаптар.

# КААНАНЫН ЭРЕЖЕСИ

**Каана** - атайын сабак өтүүгө арналган, атайын каражаттар менен жабдылган орун.

**Окуу каанасы** - атайын көрсөтмө окуу куралдары, жасалгалар, техникалык каражаттар менен жабдылган, окуучулар менен сабактар, сабактан сырткаркы иш-чаралар, факультативдик жана ийрим жумуштары менен предмет боюнча программалык иштерди алып бара турган мектептин окуу бөлмөсү.

**Мугалим** - кааннанын толук кожоюну. Кааннаны окуу куралдары менен жабдуу мугалимдин табити менен аракетине, анын усулдук чеберчилигине, педагогикалык кызыгуусуна байланыштуу.

Кааннаны кыска убакытта түзүү, толук жабдуу мүмкүн эмес. Каана акырындап калыптанат, бир нече жылдар бою кайрадан курал-жабдыктар менен, көрсөтмөлүү куралдар менен жабдылат.

Бирок мугалимдин түрдүү табитине карабастан, предметтин эффективдүүлүгүн арттыруу үчүн, окуу каанасын белгилүү таалаптарга шайкеш жабдуу керек.

# ОКУУ
# КААНАЛАРЫ

### 1. Окуу кааналарына коюла турган талаптар

1.1. Кааннаны башчысы менен лобаранттын каанага жооптуулугу менен аткара турган милдеттери тууралуу буйруктун болушу;

1.2. Каанадагы куралдар, приборлор, техникалык каражаттар, көрсөтмө куралдар, окуулуктар, усулдук колдонмолор, дидактикалык материалдар тиркелген паспорту болушу шарт;

1.3. Каанада жумуш аткарган кезде коопсуздук техникасы эрежелерин сактоого арналган журналдык болушу;

1.4. Каанада жумуш иштеген кезде окуучулар үчүн эрежелердин болушу;

1.5. Кааннанын учурдагы жумушчу программасы менен перспективалык жумушчу программасынын болушу;

1.6. Окуу кааналарында техникалык коопсуздук эрежелери менен санитардык-гигиеналык талаптарды аткаруунун нормаларынын сакталышы;

1.7. Окуу кааналарын жасоодо эстетикалык талаптардын аткарылышы:

- бош орундарды максатка ылайык пайдалануу (мугалимдин орду, окуучунун орду, кафедранын болушу, кээ бир окуу кааналарда секиченин зарылдыгы);

- туруктуу жана алмаштырылып туруучу окуу-маалыматтык дубал гезиттердин болушу, фотоматериалдар менен хрестоматиялык материалдардын болушу (окуу каанасынын планынан шайкеш).

### 2. Окуу кааналарын окуу-методикалык жагынан камсыздоого байланышкан талаптар

2.1. Кааннаны мектептин окуу программасын аткарууга керектүү, окуу- усулдук колдонмолордун топтому менен, окуу куралдары менен камсыздоо;

2.2. Окуу-усулдук топтомдор менен окуу куралдарынын топтомдору билим берүү стандарттары менен окуу программаларынын талаптарына шайкеш болуш керек;

2.3. Билим сапатын аныктоого байланыштуу дидактикалык материалдар, тесттер, байкоо жумуштары, эсселер, чыгармалар жана башка материалдардын болушу;

2.4. Каананы жумуш иштөө программасына шайкеш окуу планынын вариативдүү программасына жана кошумча билим берүүгө байланыштуу окутуунун каражаттары менен камсыздоо.

## 3. Окуу кааналарынын негизинде окуучулардын окуу программаларын ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө байланыштуу талаптар

3.1. Мектептин окуу программасына шайкеш дидактикалык материалдар, окуулуктар менен камсыз кылуу;

3.2. Окуучулардын билим мазмунуна жана милдеттүү даярдык деңгээлине коюла турган талаптарына шайкеш ачык жана көрүнүктүү түрдө камсыз кылуу;

3.3. Окуу стандарттарынын талаптарын орундатууга байланыштуу окуучуларга ачык жана көрүнүктүү түрдө өлчөнүүчү үлгүлөрдү сунуштоо;

3.4. Окуу стандарттарынын негизги жана тереңдетилген деңгээлин аныктоого байланыштуу байкоо жумуштары, эсселер, тест тапшырмалары, тапшырмалар топтомдору менен окуучуларды камсыз кылуу;

3.5. Окуу каанасындагы стенд материалдары; окуу стандартынын талаптарын аткаруунун үлгүлөрү, каталарды талдоонун түрлөрү, интеллектуалдуу оюндар корутундусу, олимпиадалар, байкоолор, окуучулардын чыгармачылык жумуштары жана башкалардын болушу;

3.6. Окуу каанасындагы стенд материалдары: окуучуларга өздөрүнүн окуу иш-аракеттерин уюштурууга арналган сунуштар, коомдук билим-билгичтик көндүмдөрүн өнүктүрүү программаларын аткарууга арналган сунуштар, үй тапшырмаларын аткаруу менен уюмдаштырууга, окуу-таанымдык иш- аракеттердин түрдүү формаларын (семинар, практикум, лабораториялык жумуштар, тестирлөө, сынак, аңгемелешүү ж.б.) уюмдаштырууга арналган сунуштар болушу шарт;

3.7. Милдеттүү программага шайкеш, факультатив сабактар менен кошумча сабактар, начар окуган жана жакшы окуган окуучулар менен жүргүзүлгөн жумуштарга шайкеш каананын жумушу жадыбалынын болушу;

3.8. Окуучуларды окуу каанасынын иш-аракети тууралуу баалоо.

## 4. Окуу каанасына коюлган санитардык-гигиеналык талаптар

4.1. Окуу кааналарын жабдыганда төмөндөгү өлчөмдөр сакталуу керек:

1) эки орундукту столдордун катарларынын арасы 60 сантиметрден (мындан ары - см) кем болбосун;

2) стулдун катарларынын арасы, сырткы жана ички, катар турган дубалдардан, катарлардан аралыгы 50 см ден кем болбосун;

3) акыркы столдон дубалга (аралык дубалга), карама-каршы доскага чейин 70 см ден кем болбосун, сырткы болуп эсептеле турган арткы дубалдан 100 см ден кем болбосун;

4) сабак мисалдарын көрсөтө турган столдон доскага чейинки аралык 100 см ден кем болбосун;

5) биринчи партадан окуу доскасына чейин - 2.4-2.7 метр;

6) акыркы партадагы окуучу орунунан окуу доскасына чейинки алыстыгы - 8.6 метр;

7) окуу доскасынын төмөнкү жээгинен бийиктиги - 80-90 см;

8) досканы көрүү бурчу мектептеги орто жана жогорку класстын окуучулары үчүн - 35 градустан жана 6-7 жаштагы окуучулар үчүн 45 градустан кем болбосун.

**Физика жана химия кааналары төмөндөгүдөй жабдылууга тийиш:**

1) техникалык окуу куралдары үчүн бийик орноштурулган, сабак мисалдарын көрсөтө турган атайын столдору менен;

2) окуучуларга арналган эки орундуу суу, электр кубаты, кысылган аба келтирилген лабораториялык столдору менен;

3) химиялык лаборатория курулуш нормалары жана эрежелерине шайкеш сырткы дубалга кагылган, мугалимдин столунун жанына орнотулган соргуч шкафтары менен жабдылы шарт.

**Чет тили кааналарында төмөндөгүлөр болууга тийиш:**

Башкара турган пульту бар мугалимдин столу жана проекциялоочу аппараттарга арналган тирөөч; компьютерлер, наушниктер, техникалык окуу куралдарын сактай турган темир шкафтар.

"Кыргыз тили" кабинетинин курамы

| | |
|---|---|
| Кабинеттин жетекчиси | Амангелди кызы Айпери |
| Кабинеттин мүчөлөрү | Садиров Бакытбек<br>Эркулова Раъно<br>Шамшиева Айзаада |

Кабинеттин иштөө режими.

| күндөр | нөөмөт | сааты |
|---|---|---|
| Дүйшөмбү | 1-нөөмөт<br>2-нөөмөт | $8^{00}$-$13^{00}$<br>$13^{15}$-$18^{15}$ |
| Шейшемби | 1-нөөмөт<br>2-нөөмөт | $8^{00}$-$13^{00}$<br>$13^{15}$-$18^{15}$ |
| Шаршемби | 1-нөөмөт<br>2-нөөмөт | $8^{00}$-$13^{00}$<br>$13^{15}$-$18^{15}$ |
| Бейшемби | 1-нөөмөт<br>2-нөөмөт | $8^{00}$-$13^{00}$<br>$13^{15}$-$18^{15}$ |
| Жума | 1-нөөмөт<br>2-нөөмөт | $8^{00}$-$13^{00}$<br>$13^{15}$-$18^{15}$ |

ТЕШЕБАЙ ИСАК УУЛУ АТЫНДАГЫ №35 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН "КЫРГЫЗ ТИЛИ" КАБИНЕТИНИН ОПИСИ.

| *№* | *Кабинеттин жабдуусу* | *саны* |
|---|---|---|
| 1. | Парта | 14 |
| 2. | Стул | 28 |
| 3. | Доска | 1 |
| 4. | Шкаф | 1 |
| 5. | Көргөзмө курал | 18 |
| 6. | Гүл идиш | 10 |
| 7. | Гүл койгуч | |
| 8. | Карниз | 2 |
| 9. | Занавестка | 2 |
| 10. | Гүл | 10 |
| 11. | Буклет | 3 |
| 12. | Китеп | 14 |

**Кабинет башчысы: ________ Аманкелди кызы Айпери**

Бекитем

Директор Т.Рахманова

" 14 " 09 2022-жыл

"Кыргыз тил " кабинетинин иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | мөөнөтү | жооптуу | Аткарылгандыгы жөнүндө белги. |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу иштери | 1.09.2022 | Кыргыз тили мугалимдери | |
| 2. | Кабинеттин иш планын түзүү. | 1.09.2022 | Кабинет башчы | |
| 3. | Кабинеттин кеңешмесинин мүчөлөрүнүн курамын түзүү. | 1.09.2022 | Кабинет башчы | |
| 5. | Кабинеттеги окуу китептерге жооптуу адамды бекитүү. | 1.09.2022 | Кабинет башчы | |
| 6. | Кабинеттин иштөө режимин түзүү. | 1.09.2022 | Кабинет башчы | |
| 7. | Кабинеттин кеңешмесин өткөрүү | Чейрек сайын | Кабинет мүчөлөрү | |
| 8. | Окуучуларды орундуктарга бөлүштүрүү. | 1.09.2022 | Класс жетекчилер | |
| 9. | ЖРТга даярдоо. | Жыл башынан | Кыргыз тили мугалимдери | |
| 10. | PISAнын тестерин чыгаруу | Жыл ичинде | Кыргыз тили мугалимдери | |
| 11. | Манас таануу интелектуалык таймашына даярдоо | Жыл ичинде | Кыргыз тили мугалимдери | |
| 11. | Окуучулардын колу менен жасалган математикалык көргөзмөсүн уюштуруу. | Жыл ичинде | Кыргыз тили мугалимдери | |
| 12. | Кыргыз тили боюнча көргөзмө курал, карточкаларды даярдоо. | Жыл ичинде | Кыргыз тили мугалимдери | |
| 13. | Кыргыз адабияты боюнча көргөзмө курал, карточкаларды даярдоо. | Жыл ичинде | Кыргыз тили мугалимдери | |
| 14. | Үлгүлүү дептерлер бурчун даярдоо | Жыл ичинде | Кабинет мүчөлөрү. | |

Бекитем

Директор ______ Т.Рахманова

“ 14 ” 09 2022-жыл

“Кыргыз тили” кабинетинин өнүгүү планы.

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | мөөнөтү | жооптуу | Аткарылгандыгы жөнүндө белги. |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз тили жана адабияты сабагынан көргөзмө куралдарды даярдоо | Жыл ичинде | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери | |
| 2. | Таркатмаларды заманбап түрдө жасоо | Жыл ичинде | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери | |
| 3. | Кабинетке компьютер орнотуу | Жыл ичинде | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери | |
| 4. | Интерактивдүү доска орнотуу | Жыл ичинде | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери | |
| 5. | Кабинеттин эшигин алмаштыруу | Жыл ичинде | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери | |
| 6. | Кабинетке жаңы шкаф орнотуу | Жыл ичинде | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери | |
















ViewSonic




Жашылчалар
үчүн стол










Жолдо жүрүү эрежеси











